**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**БАШКЫ ПРОКУРАТУРАСЫ**

**ГЕНЕРАЛЬНАЯ ПРОКУРАТУРА**
**КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

720044, Бишкек ш., Токтоналиев көч., 139
тел.: +996 312 542463, факс: 542466
press@prokuror.kg, э/э №12905341131810068
ОКПО 04728939 ИНН 02802199610185

720044, г. Бишкек, ул. Токтоналиева, 139
тел.: +996 312 542463, факс: 542466
press@prokuror.kg, р/с №12905341131810068
ОКПО 04728939 ИНН 02802199610185

14.06.21г. № 21/150-11-3-11/3-11-01056

На № ____________ от ______________

**Кыргыз Республикасынын**
**Шайлоо жана референдум**
**өткөрүү боюнча**
**Борбордук комиссиясына**

көчүрмөсү: **Кыргыз Республикасынын**
**Ички иштер министрлигине**

Жалал-Абад областы,
Сузак району,
Кызыл-Туу айыл өкмөтү
**М.Калмаматовго**

Караштуулугу боюнча кароо үчүн Жалал-Абад областынын Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчылыгына талапкер М.Калмаматовдун Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысын шайлоонун жыйынтыгын жокко чыгарып, шайлоону кайрадан башка күнгө дайындап, шайлоо мыйзамдарынын бузулушуна жол бергендерге карата тийиштүү чара көрүү жөнүндө кайрылуусу жиберилет.

Кайрылууда көрсөтүлгөн дооматтарды карап чыгып, жыйынтыгы тууралуу мыйзамда белгиленген тартипте кайрылуу ээсине жооп берүүнү сураймын.

Үчүнчү дарекке маалымат иретинде.

*Тиркеме: 1 баракта.*

Башкармалыктын башчысы **Адыл уулу К.**

Атк.: Кадышов Н.Т.
тел.: 54-28-43

Кыргыз Республикасынын
Генералдык прокуроруна
Дареги: Бишкек шаары,
Токтоналиев көчөсү №139

Сузак районунун, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчылыгына талапкер Калмаматов Мирланбек Ыманалиевичтен
Тел: 0773004587

# А Р Ы З

Менин сиздерге арыз менен кайрылуумдун себеби, 2021-жылдын 4-июнь күнү Сузак районунун Кызыл-Туу айыл аймагынын башчысын шайлоо болуп өткөн. Аталган шайлоонун жыйынтыгында мага Калмаматов Мирланбекке 15 депутат ал эми Омурзаков Майсалбекке 16 депутат добушун берип, Омурзаков Майсалбек Кызыл-Туу айыл аймагынын башчылыгына шайланды деп табылган. Ошол жыйынтыктан кийин атаандашым Омурзаков Майсалбекти куттуктап, ишине ийгилик каалап кетип калган болчум.

Бирок 2021-жылдын 5-июнь күнү Сузак аймактык шайлоо комиссиясынын торагасы Кыргызбаев Муктар атту жаран менен Омурзаков Майсалбек экоо биргеликте блютеньдерди ачып, ичиндеги булганган блютеньдерди оңдоп жана блютеньдердеги ар бир депуттатын добуш берүүдөгү атайын белгилерин Омурзаков Майсалбектин колундагы ар бир депутат акча алуу менен блютеньдеги өзгөчө белгиленүүсүн салыштыруу менен текшерип жаткандыгы аныкталып, видео тасмага түшүп калыптыр.

Жогорудагылардын негизинде Кызыл-Туу айыл аймагынын башчысын шайлоо учурунда ар бир добуш Омурзаков Майсалбек тарабынан сатып алуу болгондугунан жана добуш берүүнүн жашыруундулугу бузулуусу аркылуу ар бир депутатка Омурзаков Майсалбек тарабынан атайын өзгөчөлөнтүп белгилөө талабы менен шайлоо одоно түрдө мыйзам бузуучулук менен өткөндүгү аныкталып олтурат.

Ошондуктан 2021-жылдын 4-июнь күнү Сузак районунун Кызыл-Туу айыл аймагынын башчысын шайлоо болуп өткөндүгү боюнча баардык протоколдорду жана токтомдорду жокко чыгаруу менен Кызыл-Туу айыл аймагынын башчысын шайлоону кайрадан жаңы шайлоо өткөрүп берүүңүздөрдү жана шайлоо мыйзамдарын одоно түрдө бузган баардык жарандарды, добуш сатып алууну уюштурган Омурзаков Майсалбек жана ага катышкан башка жарандарды баардыгын жоопкерчиликке тартууну суранамын.

Тиркелет: видео запис (калган керектүү далилдерди арызды кароо отурумуна камсыздайбыз)

Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчылыгына талапкер: Калмаматов Мирланбек Ыманалиевич